КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
КЫЗЫЛ-КЫЯ ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**2023-жылдын 28 - сентябры № 29/104**

**Курук-Сай участкасында жайгашкан 4,0 га муниципалдык базар курууга деп аталган жер тилкеси 49 жылга унаа базар үчүн ижарага берилген жер жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселени талкуулап чыгып, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2021-жылды 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 34-беренесине, шаардык кеңештин Коммуналдык объектер, менчик, мүлк, экология, санитардык тазалоо, көрктөндүрүү, архитектура жана курулуштар маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2023–жылдын 11-августундагы № 39 жана 2022-жылдын 4-июлундагы № 15 протоколдоруна негиз, Кызыл–Кыя шаардык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кызыл-Кыя шаардык мэриясынын алдындагы Муниципалдык менчик департаменти (“Ижарага берүүчү”) жана Миңбаев Кайрат Абилкайымович (“Ижарачы”) тарабынан 2020-жылдын 21-августундагы түзүлгөн келишимдин шарттары аткарылбай жаткандыгы жөнүндө ижарачы Миңбаев Кайрат Абилкайымовичке эскертилсин жана түзүлгөн келишимдин шарттарын аткаруу, ижара акысын толугу менен төлөө үчүн ижарачыга 3 ай мөөнөт берилсин. Жылдын жыйынтыгы менен (3 ай) түзүлгөн келишимдин шарттарынын аткарылгандыгы боюнча Муниципалдык менчик департаменти тарабынан шаардык кенешке маалымат берүү жагы жүктөлсүн.

2. Бул токтомго ылайык тийиштүү иш кагаздарын даярдоо Муниципалдык менчик департаментине (И.Салиев) жүктөлсүн.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин Коммуналдык объектер, менчик, мүлк, экология, санитардык тазалоо, көрктөндүрүү, архитектура жана курулуштар маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Ж.Калматов**